بيان الإسلام
Bayan AL-Islam

# Ислам

## Аллахтын бардык пайгамбарларынын дини

**Ислам - Аллахтын бардык пайгамбарларынын дини**

الإسلام دين رسل الله - قرغيزي

ky364-t3

# Ислам

Аллахтын бардык пайгамбарларынын дини

**Ислам бул** - бүт жаратылышты жаратып, башкарып турган Аллахка өзүн багыштоо. Аны жакшы көрүү жана урматтоо менен баш ийүү. Исламдын негизи - Аллахка ыйман келтирүү. Ал бардык нерсенин Жаратуучусу, башкалардын баары жаратылгандар. Ал жалгыз Өзү, теңдеши жана шериги жок ибадатка татыктуу. Ибадатка татыктуу Анын Өзүнөн башка сыйынылa турган нерсе жок. Анын көркөм ысымдары жана бийик сыпаттары бар. Ал бардык жагынан толук, Анда кемчилик болбойт. Ал тууган да, туулган да эмес, ага теңдеш да, окшош да жок. Өзү жараткан нерселердин биринин да ичине кирбейт жана анын сүрөтүндө да болбойт.

Ислам дини Аллах Тааланын жападан жалгыз дини, андан башка диндерди адамдардан кабыл кылбайт. Ислам - бардык пайгамбарлардын дини.

Ислам негиздеринин бири - бардык элчи-пайгамбарларга ишенүү. Аллах Таала элчилерди пенделерине Анын буйруктарын жеткирүү үчүн жиберген. Аларга китептерди түшүргөн. Пайгамбарлардын акыркысы - Мухаммад (ага Алахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун). Аллах Таала аны менен мурдагы шарияттарды жокко чыгарган, акыркы шарият менен жиберген. Аны улуу аят-белгилер менен колдогон. Мындай аят-белгилердин эң чоңу - Куран Карим. Ал - ааламдардын Раббиси Аллахтын сөзү. Адамзат тааныган



китептердин эң улугу. Ички мазмунунда, окулган сөздөрүндө, түзүлүш тартибинде эч бир пенденин колунан келбей турган өзгөчөлүгү бар мужиза китеп. Куран дүйнө жана акыретте бактылуу болуунун жолу болгон акыйкат жолго баштайт. Ал ушул күнгө чейин алгачкы түшкөн арап тилинде, бир дагы тамгасы өзгөрбөстөн сакталуу. Исламдын негиздеринен дагы бири

периштелерге ыйман келтирүү

жана кыямат күнүнө ыйман келтирүү

Кыямат күнү Аллах Таала эсеп-кысап кылуу үчүн адамдарды мүрзөлөрүнөн кайра тирилтип чыгарат. Кимде-ким ыймандуу болуп, жакшы иш-амалдарды жасап жүргөн болсо, ага бейиште түбөлүк рахат. Ал эми кимде-ким каапыр болуп, жаман иш-амалдарды жасап өткөн болсо, ага тозокто түбөлүк азап. Ошондой эле Исламдын дагы бир негизи - тагдырдын жакшысы да, жаманы да Аллахтан болоруна ишенүү.



Мусулмандар Исаны Аллахтын баласы эмес, Аллахтын кулу жана элчиси деп ишенет. Анткени, Аллах Таала Улуу, Анын аялы же баласы болуусу мүмкүн эмес. Аллах Таала Куранда бизге Иса ал - пайгамбар экенин, ага көптөгөн мужизаларды бергенин, аны теңдеши жок жалгыз Аллахка ибадат кылууга элин үндөө үчүн жибергенин айткан. Ошондой эле, Иса аларды өзүнө ибадат кылууга буйрубаганын, тескерисинче ал өзү Аллахка ибадат кылганын кабарлаган.

# الإسلام

Ислам дини адамдын таза табиятына ылайык жана тунук акылына сыярлык дин. Аны бардык жандар кабыл кыла алат. Ал Улуу Жаратуучунун жаратылгандарга түзгөн шарияты. Ал бардык адам баласын бактылуу кыла турган дин. Анда рассаны рассадан, түстү түстөн бөлүү жок. Исламда адамдардын баары бирдей. Исламда адамдар бир гана жасаган жакшы иш-амалдары менен айырмаланат. Ар бир акылы жайында болгон адамга Аллахты Рабби деп, Исламды дин деп, Мухаммадды пайгамбар деп ишенүү важиб. Мында инсанга ыктыяр берилген эмес; анткени кыяматта Аллах Таала ага пайгамбарлар моюнуна жүктөгөн иштерди сурайт. Ошондо ал ыймандуу болсо, ал чон утушка жетет. Эгер каапыр болсо, ачык өкүнүчтө калат. Кимде-ким Исламга кирүүнү каалаoriginal, ага маанисин билип жана ишенүү менен:

﴿أشهد أن لا إله إلا الله وأشهد أن محمدًا رسول الله﴾

**"Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын элчиси"**

деп күбөлүк берүү зарыл. Мына ушуну менен ал мусулман болот. Анан Аллах буйруган иштерди аткаруу үчүн Исламдын башка шарияттарын акырындык менен өздөштүрө берет.

Кененирээк маалымат алуу үчүн бул жакка кирсеңиз болот:**byenah.com**

رقم الإيداع:

# Get to know more about Islam

## in more than
## 100 languages

موسوعة الأحاديث النبوية
HadeethEnc.com

Accurate translations of Prophetic Hadiths and their explanations in more than (60) languages.

بيان الإسلام
byenah.com

Selected materials to introduce and teach Islam in more than (120) languages.

موسوعة القرآن الكريم
QuranEnc.com

Accurate translations of the meanings of the Quran in more than (75) languages.

موسوعات وخدمات إسلامية باللغات
s.islamenc.com

For more websites in world languages (s.islamcontent.com)

موسوعة المحتوى الإسلامي باللغات
islamcontent.com

Various and comprehensive Islamic materials in more than (125) languages.

ما لا يسع أطفال المسلمين جهله
kids.islamenc.com

Questions and answers for Muslim children and public in more than (40) languages.


جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات

جمعية الدعوة وتوعية الجاليات بالربوة